| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ ИНВЕСТИЦИЯЛАР БОЮНЧА УЛУТТУК АГЕНТТИГИ** | | **НАЦИОНАЛЬНОЕ АГЕНТСТВО ПО ИНВЕСТИЦИЯМ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ** |

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

___________________№________ Бишкек ш.
г. Бишкек

**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттигинин мамлекеттик кызматкерлеринин жана ведомстволук уюмунун кызматчыларынын коррупцияга каршы жүрүм-турум Стандартын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 30-июнундагы № 490-т тескеме менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматкерлеринин жана муниципалдык кызматкерлеринин коррупцияга каршы жүрүм-турум типтүү стандарттарына” ылайык, Кыргыз Республикасынын “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасында инвестициялар жөнүндө” Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы № 137 Жарлыгы менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын 2025-2030-жылдарга коррупцияга каршы мамлекеттик стратегиясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын (2025-2027-жылдарга ортоңку мөөнөттүү мезгил үчүн I этабы)” жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 15-апрелиндеги № 115 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттик жөнүндө жобону жетекчиликке алып, **буйрук кылам**:

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттигинин (мындан ары – Улуттук агенттик) мамлекеттик кызматкерлеринин жана ведомстволук уюмунун кызматчыларынын коррупцияга каршы жүрүм-турум Стандарты (мындан ары – Стандарт) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Улуттук агенттиктин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана ведомстволук уюмдун жетекчилери:

- Стандарттын талаптарын түзүмдүк бөлүмдөрдүн кызматкерлерине жана ведомстволук уюмдун кызматчыларына жеткиришсин жана

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Стандарттын талаптарынын сакталышын камсыз кылышсын;

- бул буйруктун сапаттуу аткарылышы үчүн түзүмдүк бөлүмдөрдүн жана ведомстволук уюмдун жетекчилерине жеке жоопкерчилик жүктөлсүн.

3. Уюштуруу жана кадр иштери, камсыздоо жана аткарууну контролдоо башкармалыгы:

- кызматка кабыл алынуучу жана иштеп жаткан кызматкерлерди Стандарт менен кол койдуруу аркылуу тааныштырууну камсыз кылсын.

4. Улуттук агенттиктин басма сөз катчысы Стандартты Улуттук агенттиктин расмий сайтына жайгаштырсын.

5. Улуттук агенттиктин башчысынын орун басарлары көзөмөлдөгөн түзүмдүк бөлүмдөрдө Стандарттын талаптарынын аткарылышын координациялоону камсыз кылышсын.

6. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Об утверждении Стандарта антикоррупционного поведения государственных служащих и работников подведомственной организации Национального агентства по инвестициям при Президенте Кыргызской Республики**

В соответствии с Типовыми стандартами антикоррупционного поведения государственных гражданских служащих и муниципальных служащих Кыргызской Республики, утвержденным распоряжением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 30 июня 2026 года № 490-р, руководствуясь Законом Кыргызской Республики «О противодействии коррупции», Законом Кыргызской Республики «Об инвестициях в Кыргызской Республике», Планом мероприятий по реализации Государственной стратегии по противодействию коррупции в Кыргызской Республике на 2025-2030 годы (I этап на среднесрочный период 2025-2027 годов), утвержденной Указом Президента Кыргызской Республики от 5 июня 2024 года № 137 и Положением о Национальном агентстве по инвестициям при Президенте Кыргызской Республики, утвержденным Указом Президента Кыргызской Республики от 15 апреля 2022 года № 115, **приказываю:**

1. Утвердить Стандарт антикоррупционного поведения государственных служащих и работников подведомственной организации (далее – Стандарт) Национального агентства по инвестициям при Президенте Кыргызской Республики (далее – Национальное агентство) согласно приложению.

2. Руководителям структурных подразделений и подведомственной организации Национального агентства:

- довести требования Стандарта до сведения сотрудников структурных подразделений и работников подведомственной организации и обеспечить соблюдение его требований;

- возложить личную ответственность на руководителей структурных подразделений и подведомственной организации за качественное исполнение настоящего приказа.

3. Управлению организационной и кадровой работы, документационного обеспечения и контроля исполнения:

- обеспечить ознакомление со Стандартом под роспись действующих сотрудников и лиц, принимаемых на работу.

4. Пресс-секретарю Национального агентства разместить Стандарт на официальном сайте Национального агентства.

5. Заместителям главы Национального агентства обеспечить координацию исполнения Стандарта в курируемых структурных подразделениях.

6. Контроль за исполнением настоящего приказа оставляю за собой.

**Глава Национального агентства** **Р.А. Сабиров**

Кыргыз Республикасынын
Президентине
караштуу Инвестициялар
боюнча улуттук
агенттигинин буйругуна
тиркеме

2026-жылдын ___ № 75-Н

**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттигинин мамлекеттик кызматкерлеринин жана ведомстволук уюмунун кызматчыларынын коррупцияга каршы жүрүм-турум Стандарты**

## 1-бөлүм. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттигинин мамлекеттик кызматкерлеринин коррупцияга каршы жүрүм-турум Стандарты (мындан ары – Стандарт) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 30-июнундагы № 490-т тескемеси менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматкерлеринин жана муниципалдык кызматкерлеринин коррупцияга каршы жүрүм-турумунун типтүү стандарттарынын” (мындан ары – Типтүү стандарттар) негизинде, “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, “Кыргыз Республикасында инвестициялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы № 137 Жарлыгы менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын 2025-2030-жылдарга коррупцияга каршы мамлекеттик стратегиясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планына” (2025–2027-жылдарга ортоңку мөөнөттүү мезгил үчүн I этабы) жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 15-апрелиндеги № 115 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттик жөнүндө жобого ылайык иштелип чыкты.

2. Стандарт Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттигинин (мындан ары – Улуттук агенттик) мамлекеттик кызматкерлерине жана ведомстволук уюмдарынын кызматчыларына (мындан ары – кызматкер) инвестицияларды тартуу жана коштоо, мамлекеттик инвестициялык саясатты иштеп чыгуу жана ишке

ашыруу, инвестициялык долбоорлорго экспертиза жүргүзүү, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жана эркин экономикалык зоналардын долбоорлорун коштоо, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү, кадрларды башкаруу жана Улуттук агенттиктин башка функцияларын ишке ашыруу учурундагы коррупцияга каршы жүрүм-турумунун милдеттүү талаптарын белгилейт.

3. Стандарттын максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:

- инвесторлор менен өз ара аракеттенүүдө кызматкерлердин коррупцияга каршы жүрүм-турумуна карата талаптарды белгилөө;
- кызыкчылыктардын кагылышуу тобокелдиктерин азайтуу;
- кызматтык абалды жана дискрециялык ыйгарым укуктарды кыянаттык менен пайдаланууга жол бербөө;
- коррупциялык көрүнүштөргө чыдамсыздыкты калыптандыруу;
- инвестордун өлкөсүнө, менчигинин түрүнө жана инвестициянын көлөмүнө карабастан, бардык инвесторлорго карата ачыктыкты, объективдүүлүктү жана бирдей мамилени камсыз кылуу.

4. Стандарт Улуттук агенттиктин борбордук аппаратынын мамлекеттик кызматкерлерине, ошондой эле ведомстволук уюмдардын кызматчыларына жайылтылат.

## 2-бөлүм. Коррупцияга каршы жүрүм-турумдун принциптери

5. Коррупцияга каршы жүрүм-турум төмөнкү принциптерге негизделет:

- чечимдерди кабыл алуудагы мыйзамдуулук, объективдүүлүк жана негиздүүлүк;
- ак ниеттүүлүк, калыстык, ачыктык жана отчеттуулук;
- жеке кызыкчылыктарга караганда мамлекеттик жана коомдук кызыкчылыктардын артыкчылыгы жана кызыкчылыктардын кагылышуусуна жол бербөө;
- бардык инвесторлорго жана сатып алуу, кадр процедураларынын катышуучуларына карата бирдей жана дискриминациясыз мамиле;
- коррупциянын кандай гана болбосун көрүнүштөрүнө чыдамсыздык жана кабыл алынган чечимдер жана алардын кесепеттери үчүн жеке жоопкерчилик.

## 3-бөлүм. Коррупцияга каршы нормаларды сактоо боюнча милдеттер

6. Улуттук агенттиктин жана ведомстволук уюмдун кызматкерлери кызматтык ыйгарым укуктарын аткарууда төмөнкүлөргө милдеттүү:

- мыйзамдын негизинде аракеттенүүгө, жеке кызыкчылыкты четке кагууга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген коррупцияга каршы чектөөлөрдү, тыюу салууларды жана талаптарды сактоого;
- чечимдерди даярдоодо жана кабыл алууда коррупциялык тобокелдиктерди алдын ала аныктоого жана баалоого;

- инвестициялык долбоорлорду кароодо, экспертизалоодо жана коштоодо, мамлекеттик колдоо чараларын, бажы жеңилдиктерин берүүдө жана инвестициялык виза алууга көмөктөшүүдө – белгиленген критерийлерге жана жол-жоболорго таянууга, бардык арыз ээлерине бирдей мамиле кылууну жана инвестициялык долбоорлор боюнча эксперттик корутундулардын объективдүүлүгүн, анын ичинде капиталдаштырууну, активдердин өтүмдүүлүгүн жана инвестордун ишкердик беделин баалоодо объективдүүлүктү камсыз кылууга;
- инвестор тарабынан кабыл алынган милдеттенмелердин аткарылбагандыгы боюнча аныкталган бузууларды жана фактыларды жетекчиликке өз убагында жана так маалымдоого, мындай маалыматты жашырбоого;
- сатып алууларды уюштурууда жана бош кызмат орундарына конкурстарды өткөрүүдө тандоо критерийлеринин ачыктыгын жана объективдүүлүгүн жана басмырлоого жол берилбешин камсыз кылууга;
- эл аралык кызматташтык жана инвесторлор менен өз ара аракеттенүү чөйрөсүндө алынган кызматтык маалыматтарды, анын ичинде кызматтык максаттарда гана пайдаланууга;
- кызматтык аракеттерди жана кабыл алынган чечимдерди, анын ичинде маалыматтык (санариптик) системаларды колдонуу менен, тийиштүү түрдө документтештирүүгө;
- коррупциялык укук бузууларды жасоого тартуу максатында ага кайрылган бардык учурлар жөнүндө коррупцияны алдын алуу боюнча ыйгарым укуктуу органды (прокуратура органдарын) жазуу жүзүндө кабардар кылууга;
- Улуттук агенттиктин административдик мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген адамдарга жана ведомстволук уюмдардын кызматчыларына мыйзамдарда белгиленген мөөнөттөрдө, кирешелери, чыгашалары, мүлк жана мүлктүк мүнөздөгү милдеттенмелер жөнүндө маалыматтарды анын ичинде декларацияны өз убагында тапшырууга.

## 4-бөлүм. Кызматтык жүрүм-турумдагы коррупцияга каршы чектөөлөр

7. Улуттук агенттиктин кызматкерлерине жана ведомстволук уюмдун кызматчыларына төмөнкүлөргө тыюу салынат:
- айрым адамдар үчүн артыкчылыктуу шарттарды түзүүгө же башка адамдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын негизсиз чектеген аракеттерди жасоого;
- кызыкчылыктардын кагылышуусу же анын келип чыгуу коркунучу болгон учурда чечим кабыл алууга же аны даярдоого катышууга;
- чечимдердин объективдүүлүгүнө таасир этиши мүмкүн болгон кызыкдар адамдар менен формалдуу эмес мамиле түзүүгө, ошондой эле айрым инвесторлорго негизсиз атаандаштык артыкчылыктарды түзгөн расмий эмес консультацияларды берүүгө;

ОТДЕЛ КАДРОВОЙ РАБОТЫ, ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И КОНТРОЛЯ ИСПОЛНЕНИЯ

- инвестициялык жана мамлекеттик-жеке өнөктөштүк (мындан ары – МЖӨ) долбоорлорун мамлекеттик артыкчылыктарга негизсиз ылайык деп табууга, аларды Улуттук агенттик коштогон долбоорлордун тизмесине негизсиз киргизүүгө, же тийиштүү негиздемесиз коштоо жол-жоболорунан четтөөлөрдү макулдашууга;
- ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун, эксперттик корутундуларды жана мамлекеттик колдоо чаралары боюнча чечимдерди даярдоодо айрым инвесторлордун кызыкчылыктарын лоббирлөөгө, ошондой эле эксперттик корутундуларды даярдоого ишкердик чөйрөнүн өкүлдөрүнүн негизсиз таасир этүүсүнө жол берүүгө;
- инвестициялык жана МЖӨ долбоорлорун макулдашуу боюнча инвестордун милдеттенмелерин аткарбагандыгы же долбоорду ишке ашырууда аныкталган бузуулар жөнүндө маалыматты жашырууга;
- Улуттук агенттиктин мүлкүн, каражаттарын, кызматтык транспортун жана кызматтык маалыматын жеке максаттарда же үчүнчү жактардын кызыкчылыгында пайдаланууга, ошондой эле башка мамлекеттик органдардын чечимдерине негизсиз таасир этүүгө;
- административдик тоскоолдуктарды түзүүгө, инвесторлордун кайрылууларын кароо мөөнөттөрүн негизсиз узартууга, же мыйзамдарда каралбаган документтерди жана маалыматтарды талап кылууга;
- кызматтык милдеттерди аткарууга байланыштуу тартууларды, сый-акыларды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана башка пайдаларды алууга, Улуттук агенттиктин балансына өткөрүлүүгө тийиш болгон протоколдук белектерди кошпогондо;
- жакын туугандарын жана аффилирленген адамдарын кызматка тандоодо, дайындоодо, кызмат боюнча жогорулатууда жана сыйлыкка сунуштоодо артыкчылыктуу мамиле кылууга, же алардын пайдасына негизсиз артыкчылыктарды түзүүгө; бош кызмат орундарына конкурстук тандоонун жана сатып алуу жол-жоболорунун жыйынтыктарын бурмалоого, анын ичинде сатып алуу ыкмасын негизсиз тандоого, табыштамаларды негизсиз четке кагууга, конкреттүү жеткирүүчүгө ылайыкташтырылган техникалык спецификацияны түзүүгө же жеңүүчү аныкталгандан кийин келишимдин олуттуу шарттарын өзгөртүүгө;
- Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы мыйзамдарынын талаптарына жана кызматтык этика ченемдерине карама-каршы келген башка аракеттерди (аракетсиздикти) жасоого.

## 5-бөлүм. Кызыкчылыктардын кагылышуусун жөнгө салуу

8. Улуттук агенттиктин жана ведомстволук уюмдун кызматкерлери кызыкчылыктардын кагылышуусуна алып келиши мүмкүн болгон кырдаалдарды, анын ичинде өзүндө, жакын туугандарында же аффилирленген адамдарында Улуттук агенттик карап жаткан инвестициялык долбоорго, сатып алууга же башка маселеге байланыштуу кызыкчылыгы болгон учурларды өз алдынча аныктоого жана чечим кабыл

алынганга чейин тиешелүү чечимди кабыл алууга катышуудан баш тартууга, белгиленген тартипте тике жетекчисине кабарлоого жана кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнгө салынгандан кийин гана андан ары аракеттенүүгө милдеттүү.

9. Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө кабарлоону алган же анын бар экендигин жөнүндө башка жол менен билген жетекчи, кечиктирбестен, кызматкерди тийиштүү чечимди даярдоого же кабыл алууга катышуудан четтетүүнү, ыйгарым укуктарды кайра бөлүштүрүүнү жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка чараларды кошо алганда, аны жөнгө салуу боюнча кечиктирилгис чараларды көрөт.

## 6-бөлүм. Коррупциялык тобокелдиктерди башкаруу

10. Улуттук агенттиктин жана ведомстволук уюмдун кызматкерлери өз компетенциясынын чегинде Улуттук агенттиктин коррупциялык тобокелдиктер тизмесин жетекчиликке алып, коррупциялык тобокелдиктерди алардын пайда болуу ыктымалдуулугун жана мүмкүн болгон кесепеттерин эске алуу менен аныктоого жана баалоого, аларды алдын алуу, четтетүү же азайтуу боюнча чараларды көрүүгө, ошондой эле ченемдик укуктук актыларда камтылган коррупциогендик факторлорду четтетүү боюнча сунуштарды киргизүүгө милдеттүү.

## 7-бөлүм. Стандарттын сакталышын камсыз кылуу жана ички көзөмөл механизмдери

11. Улуттук агенттиктин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана ведомстволук уюмдун жетекчилери ушул Стандарттын талаптарын кызматтык ишке киргизүүдө жана коррупциялык көрүнүштөргө шарт түзбөгөн уюштуруу чөйрөсүн калыптандыруу үчүн жеке жоопкерчилик тартышат.

12. Стандартты ишке ашыруу төмөнкүлөр аркылуу камсыздалат:

- Улуттук агенттиктин жана ведомстволук уюмдун кызматкерлерин ишке кабыл алууда Стандарт менен кол койдуруу же электрондук кол тамга коюу аркылуу тааныштыруу;
- Улуттук агенттиктин жана ведомстволук уюмдун кызматкерлери арасында окутуу жана профилактикалык иштерди уюштуруу;
- Улуттук агенттиктин жана ведомстволук уюмдун кызматкерлерине кызматтык ишине баа берүүдө Стандарттын талаптарынын сакталышын эске алуу;
- мыйзамдардын өзгөрүшүн жана Улуттук агенттиктин коррупциялык тобокелдиктер тизмесинин жаңыртылышын эске алуу менен Стандартты мезгил-мезгили менен кайра карап чыгуу жана жаңылоо.

13. Өз алдынча көзөмөл максатында Улуттук агенттиктин жана ведомстволук уюмдун кызматкерлери ушул Стандартка тиркемеге ылайык коррупцияга каршы өзүн-өзү текшерүү чек-листин пайдаланышат, өзүн-өзү

ОТДЕЛ КАДРОВОЙ РАБОТЫ, ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И КОНТРОЛЯ ИСПОЛНЕНИЯ
ИНН 02908201410183

текшерүүнүн жыйынтыктары ички көзөмөлдү жүргүзүүдө жана Улуттук агенттиктин административдик жол-жоболорун өркүндөтүүдө эске алынат.

## 8-бөлүм. Стандартты сактабагандык үчүн жоопкерчилик

14. Улуттук агенттиктин жана ведомстволук уюмдун кызматкерлери тарабынан ушул Стандарттын талаптарын бузуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте тартиптик жоопкерчилик чараларын колдонууга алып келет.

15. Улуттук агенттиктин жана ведомстволук уюмдун кызматкерлеринин аракетинде (аракетсиздигинде) коррупциялык укук бузуунун белгилери аныкталган учурда, Улуттук агенттиктин башчысы тиешелүү материалдарды прокуратура органдарына же укук коргоо органдарына мыйзамда белгиленген тартипте жөнөтөт.

16. Улуттук агенттиктин түзүмдүк бөлүмүнүн же ведомстволук уюмдун жетекчиси тарабынан ушул Стандартты бузуу фактыларын токтотуу боюнча чара көрбөгөндүгү же кызматкерлер тарабынан жасалган мындай фактыларды жашыргандыгы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте тартиптик жоопкерчиликке алып келет.

17. Башка кызматкерлерге карата уюштуруучулук-башкаруучулук ыйгарым укуктарга ээ болгон Улуттук агенттиктин жана ведомстволук уюмдун кызматкерлери өздөрүнүн жеке жүрүм-туруму менен чынчылдыктын, калыстыктын жана адилеттүүлүктүн үлгүсүн көрсөтүүгө милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын
Президентине караштуу
Инвестициялар боюнча
улуттук агенттигинин
мамлекеттик кызматкеринин
коррупцияга каршы жүрүм-
турум Стандартына тиркеме

**Коррупцияга каршы өзүн-өзү текшерүү чек-листи**

Коррупцияга каршы өзүн-өзү текшерүү маалыматтык-жардамчы мүнөзгө ээ жана Улуттук агенттиктин мамлекеттик кызматкерлери жана ведомстволук уюмдун кызматчылары тарабынан өзүн-өзү көзөмөлдөө, коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу, кызыкчылыктардын кагылышуусун өз убагында аныктоо, ошондой эле пландаштырылып жаткан жана кабыл алынуучу чечимдердин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана ушул Стандарттын талаптарына шайкештигин алдын ала баалоо максатында колдонулат.

| Категория | Текшерүү суроосу | Жооп |
|---|---|---|
| **Ыйгарым укуктар жана мыйзамдуулук** | Мен Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык берилген ыйгарым укуктардын чегинде аракеттенип жатамбы? | ☐ ооба ☐ жок |
| | Менин аракеттерим (аракетсиздигим) компетенциянын чегинен чыгабы жана кызматтык ыйгарым укуктарды кыянаттык менен пайдалануунун белгилерин камтыйбы? | ☐ ооба ☐ жок |
| | Менин аракеттерим (аракетсиздигим) коррупциялык тобокелдиктин пайда болушуна шарт түзөбү? | ☐ ооба ☐ жок |
| | Кабыл алынган чечимди мыйзамдуулук, негиздүүлүк жана кызматтык зарылчылык көз карашынан негиздей аламбы? | ☐ ооба ☐ жок |
| **Инвесторлор жана сатып алуунун катышуучулары менен өз ара аракеттенүү** | Мен өлкөсүнө, менчик формасына жана инвестиция көлөмүнө карабастан бардык инвесторлорго бирдей жана дискриминациясыз мамилени камсыз кылып жатамбы? | ☐ ооба ☐ жок |
| | Мен айрым инвесторлорго негизсиз атаандаштык артыкчылыктарды түзгөн расмий эмес консультацияларды бердимби? | ☐ ооба ☐ жок |
| | Инвестициялык долбоорду мамлекеттик приоритеттерге ылайык деп табуу же аны колдоого алынуучу долбоорлордун тизмесине киргизүү белгиленген критерийлерге жана тийиштүү негиздемеге негизделгенби? | ☐ ооба ☐ жок |
| | Инвестициялык долбоор боюнча менин эксперттик корутундумду даярдоого ишкер өкүлдөрүнүн мыйзамсыз таасири четтетилдиби? | ☐ ооба ☐ жок |
| | Мен инвестордун кабыл алган милдеттенмелерин аткарбагандыгы боюнча | ☐ ооба ☐ жок |

| Категория | Текшерүү суроосу | Жооп |
|---|---|---|
| | аныкталган фактылар жөнүндө жетекчиликке өз убагында маалымдап жатамбы? | |
| | Мен сатып алууларды жана бош кызмат орундарына конкурстарды уюштурууда тандоо критерийлеринин объективдүүлүгүн жана ачыктыгын камсыз кылып жатамбы? | ☐ ооба ☐ жок |
| **Кызыкчылыктардын кагылышуусу** | Каралып жаткан инвестициялык долбоордо, сатып алууда же кадр маселесинде менин жеке (түз же кыйыр) кызыкчылыгым барбы? | ☐ ооба ☐ жок |
| | Каралып жаткан маселеде менин жакын туугандарымдын же аффилирленген адамдардын мүлктүк, каржылык же башка кызыкчылыктары барбы? | ☐ ооба ☐ жок |
| | Мен пайда болгон же потенциалдуу кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө белгиленген тартипте түз жетекчиме кабарладымбы? | ☐ ооба ☐ жок |
| | Кызыкчылыктардын кагылышуусун алдын алуу же жөнгө салуу боюнча чаралар (өзүн четтетүү, ыйгарым укуктарды берүү жана башка чаралар) көрүлдүбү? | ☐ ооба ☐ жок |
| **Коррупциялык укук бузуулар жөнүндө кабарлоо** | Мен коррупциялык укук бузууларды жасоого мени тартуу фактылары жөнүндө белгиленген тартипте жетекчиликке же ыйгарым укуктуу органдарга кабарладымбы? | ☐ ооба ☐ жок |
| | Мен тийиштүү жагдайларды (болгон учурда) белгилөө жана документтештирүү боюнча чараларды көрдүмбү? | ☐ ооба ☐ жок |
| **Белектер жана жеке пайда** | Мен кызматтык милдеттерди аткаруу менен байланыштуу инвесторлордон, сатып алуунун катышуучуларынан же башка кызыкдар адамдардан түз же кыйыр кандайдыр бир пайда алып жатамбы? | ☐ ооба ☐ жок |
| | Алынган протоколдук жана башка жол берилген белектер белгиленген тартипте Агенттиктин балансына өткөрүлдүбү? | ☐ ооба ☐ жок |
| | Алынган пайданын менин кабыл алган чечимдеримдин объективдүүлүгүнө жана калыстыгына таасири четтетилдиби? | ☐ ооба ☐ жок |
| **Каржылык ачыктык** | Кирешелер, чыгашалар, мүлк жана мүлктүк мүнөздөгү милдеттенмелер жөнүндө маалыматтар (административдик кызмат орундарын ээлеген адамдар үчүн – бирдиктүү салык декларациясы) өз убагында берилдиби? | ☐ ооба ☐ жок |
| | Берилген маалыматтар толук, ишенимдүү жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайыкпы? | ☐ ооба ☐ жок |
| **Кызматтык этика жана репутациялык тобокелдиктер** | Менин аракеттерим мыйзамдуулук, ак ниеттүүлүк, объективдүүлүк жана калыстык принциптерине шайкешпи? | ☐ ооба ☐ жок |

ОТДЕЛ КАДРОВОЙ РАБОТЫ, ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И КОНТРОЛЯ ИСПОЛНЕНИЯ

| Категория | Текшерүү суроосу | Жооп |
|---|---|---|
| | Менин аракеттеримди (чечимдеримди) бир тараптуу, негизсиз же коррупциялык мотивделген катары кабылдоо мүмкүндүгү четтетилдиби? | ☐ ооба ☐ жок |
| | Менин аракеттерим Улуттук агенттиктин беделине жана инвесторлордун анын ишине болгон ишенимине зыян келтиреби? | ☐ ооба ☐ жок |

**Эскертүү:**

1. Текшерүү суроолорунун жок дегенде бирине терс жооп берилген учурда (коррупциялык тобокелдик аныкталганда) кызматкер: тийиштүү чечимди кабыл алуудан же аракетти (аракетсиздикти) жасоодон баш тартууга; түз жетекчисине же ыйгарым укуктуу түзүмдүк бөлүмгө дароо кабарлоого; аныкталган бузууларды алдын алуу, четтетүү жана (же) коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү.
2. Ушул чек-листти колдонуу Улуттук агенттикте туруктуу коррупцияга каршы маданиятты калыптандырууга, кызматкерлердин укуктук аң-сезиминин жана жоопкерчилигинин деңгээлин жогорулатууга, мыйзамдуулук, ачыктык жана эсеп берүүчүлүк принциптеринин сакталышын камсыз кылууга, ошондой эле коррупциялык укук бузууларды алдын алууга көмөктөшөт.

Приложение к приказу
Национального агентства по инвестициям
при Президенте Кыргызской Республики

от «11» 09 2026 года № 75-Н

# СТАНДАРТ
## антикоррупционного поведения государственных служащих и работников подведомственной организации Национального агентства по инвестициям при Президенте Кыргызской Республики

## Глава 1. Общие положения

1. Настоящий Стандарт антикоррупционного поведения государственных служащих и работников подведомственной организации Национального агентства по инвестициям при Президенте Кыргызской Республики (далее – Стандарт) разработан на основе Типовых стандартов антикоррупционного поведения государственных гражданских служащих и муниципальных служащих Кыргызской Республики, утвержденного распоряжением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 30 июня 2026 года № 490-т (далее – Типовые стандарты), в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О противодействии коррупции», Законом Кыргызской Республики «Об инвестициях в Кыргызской Республике», «Планом мероприятий по реализации Государственной стратегии по противодействию коррупции в Кыргызской Республике на 2025–2030 годы (для I этапа на среднесрочный период 2025–2027 годов)», утвержденного Указом Президента Кыргызской Республики от 5 июня 2024 года № 137 и Положением о Национальном агентстве по инвестициям при Президенте Кыргызской Республики, утвержденным Указом Президента Кыргызской Республики от 15 апреля 2022 года № 115.

2. Стандарт устанавливает обязательные требования и модель антикоррупционного поведения государственных служащих и работников подведомственной организации (далее – служащий) Национального агентства по инвестициям при Президенте Кыргызской Республики (далее – Национальное агентство), при осуществлении функций по привлечению и сопровождению инвестиций, разработке и реализации государственной инвестиционной политики, экспертизе инвестиционных проектов, сопровождению проектов государственно-частного партнерства и

свободных экономических зон, государственным закупкам, управлению персоналом и иных функций Национального агентства.

3. Целями Стандарта являются:

- установление требований к антикоррупционному поведению служащих, в том числе при взаимодействии с инвесторами; минимизация рисков конфликта интересов;
- предотвращение злоупотребления служебным положением и дискреционными полномочиями;
- формирование нетерпимости к коррупционным проявлениям;
- обеспечение прозрачности, объективности и равного подхода ко всем инвесторам независимо от страны происхождения, формы собственности и объема инвестиций.

4. Стандарт распространяется на государственных служащих центрального аппарата Национального агентства, а также на работников подведомственной организации.

## Глава 2. Принципы антикоррупционного поведения

5. Антикоррупционное поведение основывается на следующих принципах:

- законность, объективность и обоснованность принимаемых решений;
- добропорядочность, беспристрастность, прозрачность и подотчетность;
- приоритет государственных и общественных интересов перед личными, недопустимость конфликта интересов;
- равный и недискриминационный подход ко всем инвесторам и участникам закупочных и кадровых процедур;
- нетерпимость к любым формам коррупции и персональная ответственность за принимаемые решения и их последствия.

## Глава 3. Обязанности по соблюдению антикоррупционных норм

6. Служащий Национального агентства и подведомственной организаций при исполнении должностных полномочий обязан:

- действовать на основе закона, исключая личную заинтересованность, и соблюдать антикоррупционные ограничения, запреты и требования, установленные законодательством Кыргызской Республики;
- заблаговременно выявлять и оценивать коррупционные риски при подготовке и принятии решений;
- при рассмотрении, экспертизе и сопровождении инвестиционных проектов, предоставлении мер государственной поддержки, таможенных льгот и содействии в получении инвестиционных виз, руководствоваться установленными критериями и процедурами, обеспечивая равный подход

ко всем заявителям и объективность экспертных заключений (капитализация, ликвидность активов, деловая репутация инвестора), исключая влияние заинтересованных лиц;

- своевременно и достоверно информировать руководство о выявленных нарушениях и фактах неисполнения инвестором принятых обязательств, не допуская сокрытия такой информации;

- при организации закупок и проведении конкурсов на замещение вакантных должностей обеспечивать прозрачность, объективность и недопущение дискриминации применяемых критериев отбора;

- использовать служебную информацию, в том числе полученную в рамках международного сотрудничества и взаимодействия с инвесторами, исключительно в служебных целях;

- обеспечивать надлежащее документирование служебных действий и принимаемых решений, в том числе с использованием информационных (цифровых) систем;

- письменно уведомлять уполномоченный орган по предупреждению коррупции (органы прокуратуры) обо всех случаях склонения его к совершению коррупционных правонарушений;

- своевременно представлять сведения о доходах, расходах, имуществе и обязательствах имущественного характера, включая единую налоговую декларацию, лицам, замещающим административные государственные должности в Национальном агентстве и работников подведомственной организаций.

## Глава 4. Антикоррупционные ограничения в служебном поведении

7. Служащему Национального агентства и подведомственной организаций запрещается:

- осуществлять действия, создающие преимущественные условия для отдельных лиц либо необоснованно ограничивающие права и законные интересы других лиц;

- принимать решения или участвовать в их подготовке при наличии конфликта интересов либо риска его возникновения;

- вступать в неформальное взаимодействие с заинтересованными лицами, способное повлиять на объективность решений, и предоставлять отдельным инвесторам неофициальные консультации, создающие необоснованные конкурентные преимущества;

- необоснованно признавать инвестиционные и государственно-частного партнерства (далее – ГЧП) проекты соответствующим государственным приоритетам, включать его в перечень проектов, сопровождаемых Национальным агентством, либо согласовывать исключения из установленных процедур сопровождения без надлежащего обоснования;

КАДРОВОЙ РАБОТЫ, ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И КОНТРОЛЯ ИСПОЛНЕНИЯ
ИНН 02908201410189

- лоббировать интересы отдельных инвесторов при подготовке нормативных правовых актов, экспертных заключений и решений о мерах государственной поддержки, а также допускать неправомерное влияние представителей бизнеса на подготовку экспертных заключений;
- скрывать информацию о неисполнении инвестором обязательств по инвестиционному и ГЧП соглашению либо о выявленных нарушениях при реализации проекта;
- использовать имущество, средства, служебный транспорт и служебную информацию Национального агентства в личных целях либо в интересах третьих лиц, а также оказывать неправомерное влияние на решения других государственных органов;
- создавать административные барьеры, необоснованно затягивать сроки рассмотрения обращений инвесторов, либо требовать документы и сведения, не предусмотренные законодательством;
- принимать подарки, вознаграждения, услуги и иные выгоды в связи с исполнением служебных обязанностей, за исключением протокольных подарков, подлежащих передаче на баланс Национального агентства;
- оказывать протекционизм близким родственникам и аффилированным лицам при подборе, назначении, продвижении по службе и представлении к награждению; манипулировать результатами конкурсного отбора и закупочных процедур, включая необоснованный выбор способа закупки, отклонение заявок, формирование технической спецификации под конкретного поставщика либо изменение существенных условий договора после определения победителя;
- совершать иные действия (бездействие), противоречащие требованиям антикоррупционного законодательства Кыргызской Республики и нормам служебной этики.

## Глава 5. Урегулирование конфликта интересов

8. Служащий Национального агентства и подведомственной организаций обязан самостоятельно выявлять ситуации, которые могут привести к конфликту интересов, в том числе при наличии у него, его близких родственников или аффилированных лиц заинтересованности в инвестиционном проекте, закупке либо ином рассматриваемом Национальным агентством вопросе, и до принятия решения, воздержаться от участия в нем, уведомить непосредственного руководителя в установленном порядке и продолжить действия только после урегулирования конфликта интересов.

9. Руководитель, получивший уведомление о конфликте интересов либо иным образом узнавший о его наличии, безотлагательно принимает меры по его урегулированию, включая отстранение служащего от участия в подготовке или принятии соответствующего решения, перераспределение полномочий и иные меры, предусмотренные законодательством Кыргызской Республики.

## Глава 6. Управление коррупционными рисками

10. Служащий Национального агентства и подведомственной организаций в рамках своей компетенции обязан выявлять и оценивать коррупционные риски с учетом вероятности их наступления и возможных последствий, руководствуясь Перечнем коррупционных рисков Национального агентства, принимать меры по их предупреждению, устранению или снижению, а также вносить предложения по устранению коррупциогенных факторов, содержащихся в нормативных правовых актах.

## Глава 7. Механизмы реализации и внутреннего контроля за соблюдением Стандарта

11. Руководители структурных подразделений и подведомственной организации несут персональную ответственность за внедрение настоящего Стандарта и формирование организационной среды, исключающей условия для коррупционных проявлений.

12. Реализация Стандарта обеспечивается посредством:

- ознакомление служащих Национального агентства и подведомственной организаций со Стандартом при поступлении на работу под личную или электронную подпись;
- организация обучения и профилактической работы среди служащих Национального агентства и его подведомственной организаций;
- учета соблюдения Стандарта при оценке служебной деятельности служащих Национального агентства и подведомственной организаций;
- периодического пересмотра и актуализации Стандарта с учетом изменений законодательства и обновления Перечня коррупционных рисков Национального агентства.

12. В целях самоконтроля служащие Национального агентства подведомственной организаций используют чек-лист антикоррупционной самопроверки согласно приложению к настоящему Стандарту, результаты самопроверки учитываются при осуществлении внутреннего контроля и совершенствовании административных процедур Национального агентства.

## Глава 8. Ответственность за несоблюдение Стандарта

13. Нарушение служащим требований настоящего Стандарта влечет применение мер дисциплинарной ответственности в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики.

14. При выявлении в действиях (бездействии) служащего признаков коррупционного правонарушения глава Национального агентства направляет соответствующие материалы в органы прокуратуры или правоохранительные органы в установленном законодательством порядке.

15. Непринятие руководителем структурного подразделения мер по пресечению выявленных нарушений настоящего Стандарта либо сокрытие фактов их совершения служащими влечет дисциплинарную ответственность в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики.

16. Служащие Национального агентства и подведомственной организации, наделенные организационно-распорядительными полномочиями по отношению к другим служащим, обязаны своим личным поведением подавать пример честности, беспристрастности и справедливости.

Приложение к Стандарту антикоррупционного поведения государственного служащего Национального агентства по инвестициям при Президенте Кыргызской Республики

**Чек-лист антикоррупционной самопроверки**

Антикоррупционная самопроверка носит информационно-вспомогательный характер и применяется государственными служащими Национального агентства и работникам подведомственной организации в целях самоконтроля, минимизации коррупционных рисков, своевременного выявления конфликта интересов, а также предварительной оценки соответствия планируемых и принимаемых решений требованиям законодательства Кыргызской Республики и настоящего Стандарта.

| Категория | Контрольный вопрос | Ответ |
|---|---|---|
| **Полномочия и законность** | Действую ли я в пределах предоставленных полномочий в соответствии с нормативными правовыми актами Кыргызской Республики? | ☐ да ☐ нет |
| | Выходят ли мои действия (бездействие) за пределы компетенции и содержат ли признаки злоупотребления должностными полномочиями? | ☐ да ☐ нет |
| | Создают ли мои действия (бездействие) условия для возникновения коррупционного риска? | ☐ да ☐ нет |
| | Могу ли я обосновать принятое решение с точки зрения законности, обоснованности и служебной необходимости? | ☐ да ☐ нет |
| **Взаимодействие с инвесторами и участниками закупок** | Обеспечиваю ли я равный и недискриминационный подход ко всем инвесторам независимо от страны происхождения, формы собственности и объема инвестиций? | ☐ да ☐ нет |
| | Предоставлял(а) ли я отдельным инвесторам неофициальные консультации, создающие необоснованные конкурентные преимущества? | ☐ да ☐ нет |
| | Основано ли признание инвестиционного проекта соответствующим государственным приоритетам либо включение его в перечень сопровождаемых проектов на установленных критериях и надлежащем обосновании? | ☐ да ☐ нет |

| Категория | Контрольный вопрос | Ответ |
|---|---|---|
| | Исключено ли неправомерное влияние представителей бизнеса на подготовку моего экспертного заключения по инвестиционному проекту? | ☐ да ☐ нет |
| | Своевременно ли я информирую руководство о выявленных фактах неисполнения инвестором принятых обязательств? | ☐ да ☐ нет |
| | Обеспечиваю ли я объективность и прозрачность критериев отбора при организации закупок и конкурсов на замещение должностей? | ☐ да ☐ нет |
| **Конфликт интересов** | Имеется ли у меня личная (прямая или косвенная) заинтересованность в рассматриваемом инвестиционном проекте, закупке или кадровом вопросе? | ☐ да ☐ нет |
| | Имеются ли у моих близких родственников или аффилированных лиц имущественные, финансовые или иные интересы в рассматриваемом вопросе? | ☐ да ☐ нет |
| | Уведомил(а) ли я в установленном порядке непосредственного руководителя о возникшем или потенциальном конфликте интересов? | ☐ да ☐ нет |
| | Приняты ли меры по предотвращению или урегулированию конфликта интересов (самоотвод, передача полномочий и иные меры)? | ☐ да ☐ нет |
| **Уведомление о коррупционных правонарушениях** | Сообщил(а) ли я в установленном порядке руководству или уполномоченным органам о фактах склонения меня к совершению коррупционного правонарушения? | ☐ да ☐ нет |
| | Принял(а) ли я меры по фиксации и документированию соответствующих обстоятельств (при наличии)? | ☐ да ☐ нет |
| **Подарки и личная выгода** | Получаю ли я прямо или косвенно какую-либо выгоду от инвесторов, участников закупок или иных заинтересованных лиц в связи с исполнением служебных обязанностей? | ☐ да ☐ нет |
| | Переданы ли полученные протокольные и иные допустимые подарки на баланс Агентства в установленном порядке? | ☐ да ☐ нет |

ОТДЕЛ КАДРОВОЙ РАБОТЫ, ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И КОНТРОЛЯ ИСПОЛНЕНИЯ
ИНН 02908201410189

| Категория | Контрольный вопрос | Ответ |
|---|---|---|
| | | |
| | Исключено ли влияние любых полученных выгод на объективность и беспристрастность принимаемых мной решений? | ☐ да ☐ нет |
| **Финансовая прозрачность** | Своевременно ли представлены сведения о доходах, расходах, имуществе и обязательствах имущественного характера (единая налоговая декларация – для лиц, замещающих административные должности)? | ☐ да ☐ нет |
| | Являются ли представленные сведения полными, достоверными и соответствующими требованиям законодательства Кыргызской Республики? | ☐ да ☐ нет |
| **Служебная этика и репутационные риски** | Соответствуют ли мои действия принципам законности, добросовестности, объективности и беспристрастности? | ☐ да ☐ нет |
| | Исключена ли возможность восприятия моих действий (решений) как предвзятых, необоснованных или коррупционно мотивированных?<br>й | ☐ да ☐ нет |
| | Подрывают ли мои действия авторитет Агентства и доверие инвесторов к его деятельности? | ☐ да ☐ нет |

**Примечание:**

1. В случае получения отрицательного ответа (выявления коррупционного риска) хотя бы на один из контрольных вопросов служащий обязан:

- воздержаться от принятия соответствующего решения или совершения действия (бездействия);
- незамедлительно уведомить непосредственного руководителя или уполномоченное структурное подразделение;
- принять меры по предотвращению, устранению выявленных нарушений и (или) минимизации коррупционных рисков.

2. Применение настоящего чек-листа способствует формированию устойчивой антикоррупционной культуры в Агентстве, повышению уровня правосознания и ответственности служащих, обеспечению соблюдения принципов законности, прозрачности и подотчетности, а также предупреждению коррупционных правонарушений.